УДК 339: 338.432

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ББ ЖАНА ЕАЭБне МҮЧӨ БОЛУУСУНДА АЙЫЛ-ЧАРБА ЖАНА КАЙРА ИШТЕТҮҮ ТАРМАГЫНДАГЫ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР ЖАНА КОРКУНУЧТАР

**Ш. Абакиров**, Кыргыз-Түрк «Манас» университети,
Экономика жана башкаруу факультетинин 2-курсунун студенти, экономика бөлүмү
<abakirov_sherali@ mail.ru>

# ADVANTAGES AND DISADVANTAGES IN AGRICULTURAL AND MANUFACTURING INDUSTRY SECTORS AFTER JOINING TO THE CUSTOMS UNION AND EURASIAN ECONOMIC UNION

**Sh. Abakirov**, the Student of the Kyrgyz-Turkish Manas University,
Economic and Management Faculty, Economic department 2 <abakirov_sherali@mail.ru>

**Abstract**

In this study i have researched opportunities and threats to Kyrgyz republic while joining customs union and Eurasian economic union. Furthermore, you will be able to find instructions on using and applying opportunities and ways of avoiding threats.

**Keywords**: advantages, risks, the Eurasian Economic Union, agriculture, processing industry.

**Аннотация**

Исследованы возможности и последствия для Кыргызской Республики вступления в Таможенный союз и Евразийский экономический союз. Даны рекомендации по использованию возможностей и преодолению угроз.

**Ключевые слова**: преимущества, риски, Евразийский экономический союз, сельское хозяйство, перерабатывающая отрасль.

## 1. ББ жана ЕАЭБ Кыргыз Республикасына тийгизген таасирлери

Бул экономикалык бирдикте эң башында Россия Федерациясы, Казакстан Республикасы, Беларусь, Армения жана Кыргыз Республикасы мүчө болууда. Биримдикке мүчө болгон өлкөлөр бири-бирине кенен кирип чыга алат, бири-бирине кенен соода сатык иштерин жүргүзө алат, биримдикке мүчө болгон мамлекеттин жарандары өндүргөн товарларын башка мүчө өлкөлөргө эч тоскоолдуксуз сата алат.

Кыргыз Республикасынын биримдикке мүчө болуу менен кайсы тармактарга мүмкүнчүлүктөр, кайсы тармактарга коркунучтар болот? Эң негизгилери:

- Айыл чарба жана кайра иштетүү
- Тышкы соода
- Жеңил өнөр жай

Албетте эң чоң мүмкүнчүлүк айыл-чарбада болот. Себеби биримдикке кирген өлкөлөрдөн түзүлгөн 170 млн адамдан турган рынокко эркин чыгып, айыл чарба продуктуларын экспорттосо болот. Кыргызстанда бул тармакты өнүктүрүүгө мүмкүнчүлүк бар. Натыйжада өлкөдө дыйкан чарбалар өнүгөт, фирмалар, фермалар, заводдор иштеп баштайт. Тышкы соодага да өзүнүн оң таасирлерин берет. Экспортко жол ачылат, ошону менен бирге импортко да чоң жол ачылат. Жеңил өнөр жай тармагында иштегендер аябай тынчсызданууда. Себеби чийки затты биздин өндүрүүчүлөр башка мамлекеттен, басымдуу бөлүгүн Кытайдан алып турган. Бажы биримдиги кыргызстандык өндүрүшчүлөрдү кыйынчылыкка кириптер кылышы мүмкүн. Анткени Бажы биримдигиндеги өнөр жайы өнүккөн Орусия, Беларусь жана Казакстандын товарлары Кыргызстанга эркин агылып, жергиликтүү товар өндүрүүчүлөр үчүн атаандаштык күчөйт. Биздин ишканалар Орусия, Беларусь жана Казакстандын күчтүү заводдоруна туруштук бере албайт. Чийки зат өзүлөрүнөн чыккандыктан

аларда товарлар арзан. Өзгөчө курулуш материалдарын чыгарган ишканалардын жабылып калуу коркунучу жогору. Анткени Казакстан Бажы биримдигине киргенде алар ушундай абалга тушуккан.

**2. Кыргыз Республикасынын айыл-чарбасынын 2009-2013-жылдар арасындагы абалына кыскача анализ**

Көрүп турганыңыздардай айыл-чарба секторунун үлүшү жылдан жылга азайып келген (1-сүрөт). Мындай төмөндөөгө эмне себеп болду десек, албетте биринчи ирээтте айыл-чарба секторуна эки тараптын тең, мамлекеттин да калктын да, (дыйкандардын) көңүл буруусу эң төмөнкү деңгээлде болду.


- Айыл калкынын азаюусу
- Жерлердин деградациясы
- Чоң пайыздык ставка
- Рисктин чоңдугу
- Рынок боюнча маалыматтын жоктугу
- Чыгым чоң өлчөмдө
- Эски технология




1-сүрөт. ИДПдагы айыл-чарба үлүшү (пайыз менен)

Кыргызстандын азык-түлүк камсыздыгына көз чаптырсак, айыл калкынын шаарларга же болбосо башка мамлекеттерге кетүүсү менен айыл чарба көлөмү кескин түрдө азайды. Мамлекет коркунучсуз абалда деп айтуу үчүн ички өндүрүш 80%ды түзүшү керек, калган бөлүгүн импорттогонго болот. Импорт 20%дан жогору болбоосу керек. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын өндүрүш жана импорт көрсөткүчү кандай? 30% өздүк камсыз, 70% импорт, эң төмөнкү деңгээлде деп айтууга болот, биз өндүрүштү чоңойтуп эң аз дегенде бул экөөнүн пайыздык көрсөткүчтөрүн алмаштырышыбыз керек. (2-сүрөт).

- Өндүрүмдүүлүктү жогорулатуу
- Жаңы технология колдонуу
- Күнөсканаларды көбөйтүү
- Жер семирткичтерди колдонуу
- Мөмө-жемиш фестивалдарын өткөрүү




2-сүрөт. Кыргызстандын өндүрүш жана импорт көрсөткүчү

## 3. Айыл-чарба жана кайра иштетүү тармагындагы мүмкүнчүлүктөр жана коркунучтар

Кыргызстан Бажы биримдигине кирүү менен «Ветеринария жөнүндө» жана «Лицензия-уруксат системасы боюнча» мыйзамдарды кабыл алууга тийиш. Бүгүнкү күндө биздин лабораториялар биримдиктин талаптарына жооп бербейт. Талаптарына жооп берүү үчүн, ветеринардык жана фитосанитардык лабораториялар куруубуз жана өлкөдө болгон эски лабороториялардын баарын аккредитациядан өткөрүп, жаңыдан жабдуу керек. Ошондо гана биз айыл-чарба продуктуларыбызды лабораториядан текшертип, чет жака чыгара алабыз. Башка жактан келген продуктулар албетте текшерилип бизге кирет.

Бажы биримдиги жана Евразия экономикалык биримдигинин шылтоосу менен мамлекеттин айыл-чарба секторуна колдоосу көңүл бөлүүсү жогорулоодо. Ар бир тармактын өнүгүүсү үчүн мамлекеттин колдоосу аябай маанилүү экенин билебиз. Дыйкандардын да кызыгуусу артууда. Кирешелүү тармак болот деп айыл чарба жумуштары менен алектенүүгө киришүүдө.

Ар бир регион эмнени сунуштай алат?

- ✓ Баткен областы: өрүк, черешня, шабдалы, жүзүм
- ✓ Талас областы: буурчак өндүрүү
- ✓ Ысык-көл обл: алма,алмурут,карагат, малина
- ✓ Нарын областы: картошка,мал чарбачылык, эт
- ✓ Ош областы: пахта, тамеки, жүзүм
- ✓ Жалалабад областы: жаңгак, күнкарама,жүзүм, коон-дарбыз
- ✓ Чүй областы: жер жемиштери

| Мүмкүнчүлүктөр | Коркунучтар |
|---|---|
| • Чоң рынок | - чоң рынок, чоң атаандаштык |
| • Көп сандагы керектөөчү | - биримдиктин талаптары |
| • Өрүк, карагат, жүзүм | - стандарттуулук |
| • Алма, алмурут | |
| • Эт , топоз эти | |

**1)** Кыргызстан Бажы биримдигине киргенден кийин Молдавиянын виносунун ордун ээлесе болот. Өзүнүн сапаты жагынан биздин вино Молдавиянын виносунан кем калышпайт. Бул өлкө Европа биримдигине киргендиктен, Бажы биримдигинин рыногунда биз анын ордун ээлешибиз мүмкүн. Кыргызстан жакшы вино чыгара алат, Россияда ага кызыкдар болгондор бар. Өлкөдө дыйкандар жыл өткөн сайын жүзүмдүн, алманын жана башка жемиштердин вино ала турган сортторун өстүрүүгө кызыгып бара жатышат. Бирок жүзүмзарлардын аянты советтик мезгилдегиден кыйла азайып кеткен. Мамлекеттин колдоосу менен анын аянттарын көбөйтсөк, вино жасап чыгуучу фирмалардын, заводдордун санын көбөйтсөк аябай кирешелүү болуп экономикага чоң таасир тийгизе алат.

**2)** Биздин баткен өрүгүбүзгө биримдикке кирген өлкөлөрдөн талап аябай көп. Ысык-көлдүн алма жана алмурут, карагаттарына талап жакшы. Биз ушулардын өндүрүмдүүлүгүн жогорулатып сатсак болот. Аларды кайра иштетип сок же болбосо варенье жасап, өрүктөрдү жакшы таңгактап анан сатсак биримдикке кирген бардык өлкөлөрдүн рынокторунда өз ордун таба алат. Айыл чарба продуктуларын кайра иштеттүү бизде аябай эле начар. Себеби иштетүүчү заводдор жок, ошол себептен биздин өндүрүүчүлөр продуктуларын чийки түрдө арзан баа менен сатууда. Импорттоп алган өлкө, мисалы Россия же болбосо Туркия өрүктү кайра иштетип, аны жакшы таңгактап, кымбат баа менен сатууда, алма алмуруттарды болсо суусундук кылып, шире кылып кымбат баа менен сатууда. Ошону өзүбүз даяр продукция кылып экспорттосок болот.

**3)** Россия, Беларусь Кыргызстандан топоздун этин деликатес катары сатып алууга кызыкдар болуп жатат, ал жакта топоз этине талап бар. Биз жыл сайын 50 миң тоннага чейин эт экспорттоого мүмкүнчүлүгү бар өлкөбүз. Россиялыктар уйдун этин, жылкынын этин жана топоздун этин сатып алышат. Топоздун этине деликатес катары абдан кызыгышууда. Биз бул мүмкүнчүлүктү колдон чыгарбашыбыз керек.

Топозчулук Кыргызстандын мал чарбасындагы пайдалуу тармактардын бири. Топоздун эти чындыгында деликатес болуп саналат. Кыргызстандын аймагынын 95 пайызын тоолор ээлейт, анын ичинен 30 пайыздайы шарты катаал, бийик тоолуу жайыттар. Республикадагы мындай бийик тоолуу жайыттарга кой, уй, жылкы кармоого болбойт. Топозду деңиз деңгээлинин 2500 чакырым бийиктикте бийик тоолуу шарттарда кармоо керек, себеби бул жаныбар ысык климатка ыңгайлаша албайт. Ошондуктан бийик тоолуу жайыттарга топозчулукту өнүктүрүүү абдан пайдалуу болмок. Топоздун эти экологиялык жактан абдан таза, аш болумдуу, дарылык касиети бар эт. Анан калса топоз башка малдын түрүндөй өзгөчө карап багууну талап кылбайт. Кыргызстан Россияга топоздун этин деликатес катары экспорттоого мүмкүнчүлүгү толук жетет. Болгону муну системалуу түрдө ишке ашыруу кажет. Колдо бар топоздун баарын сатып жок кылып жибербей, топоздун асыл тукумдуулугун жакшыртуу багытында иш алып барыш керек, селекция иштерин колго алуу зарыл. Бирдиктүү бир уюм же кооператив түзүп топоз этин экспорттоону көзөмөлдөөнү, аны багып өстүрүү, ветеринардык тейлөө деген сыяктуу бир катар иштерди ошол уюмга тапшыруу керек. Ошондо гана Кыргызстандын топозунун эти деликатес катары рынокто өзүнүн ордун табат.

Улуттук статистикалык комитет берген маалыматка таянсак, өлкөдө болжолдуу түрдө 50 миң баш топоз багылат.

Кыргыз Республикасында жылына орточо алганда: картошка 1300-1400 миң тонна (анын ичинде ички рынокто 25-30% сатылат), жашылча – 900-1000 миң тонна (20-25%), жер-жемиш – 240-260 миң тонна (30-35%), коон-дарбыз – 200-220 миң тонна (70-80%) өндүрүлөт.

2014-жылдын 1-январына карата КР аймагында 316 азык-түлүк жана кайра иштетүү ишканалары болгон. Алардын ичинен Россия Федерациясына эт, сүт тармагы жана жер-жемиштерди кайра иштетүүчү ишканалар өз продукциясын тышка экспорттоо мүмкүндүгүнө ээ.

Биримдикке киргенден кийинки айыл-чарбага болгон эң чоң коркунуч, өндүргөн товарларыбыздын биримдиктин талаптарына жооп бере албай калуусу жана күчтүү атаандаштыка туруштук бере албай чоң рынокто өз ордубузду жоготуп алуу коркунучу бар. Биримдикке киргенден кийин аябай чоң атаандашуу болот. Рынок чоң, ошого жараша өндүрүүчүлөр да көп болот. Айыл-чарба тармагы боюнча Беларусь чоң күчкө ээ. Биздин азык-түлүктөрүбүз Беларусьтун айыл-чарба азыктары менен атаандаша албашы мүмкүн. Албетте бул аябай чоң коркунуч. Бүгүнкү күндө маалыматтарга караганда Москвада Беларусьнын картошка жана сүт азыктары рынокту ээлеп алышкан жана арзан баада сатылууда. Аларга биздин атаандашыбыз аябай оор болот. Себеби алардын өндүрүшү ирилешкен, ага ылайык сатуунун масштабы дагы чоң, баалар төмөн.

- Ветеринардык жана фитосанитардык лабораторияларды куруу
- Жаңы технологияларды колдонуу
- Чыгымдарды азайтуу
- Дыйкандардын билим деңгээлин жогорулатуу, аларды рыноктогу маалымат менен кабардар кылып туруу керек
- Өндүрүүчүдөн керектөөчүгө чейинки жолду түзүп берүү.

Албетте чоң рынокто чоң атаандаштык болот, анткени ачык экономиканын шартында жашап жатабыз. Биз өз базарыбызды, өз керектөөчүлөрүбүздү издеп болсо да табышыбыз керек. Ар бир ишкана товарын атаандаштыкка туруштук бере алгыдай чыгарууга аракеттениш керек.

Колдонулган адабияттар

1. Кыргыз Республикасынын айыл-чарбасы 2009-2013. Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети.
2. Жыйынтыкталып басылып чыгарылышы. 29.03.2013.г. г. Бишкек.

3. Mejdunarodnaya Konferensia <Kyrgyzstan na puti k evraziyskoy integratsii> jiyintiktalip chygarilishi. 29/03/2015.g. g. Bishkek
4. http://www.stat.kg
5. http://www.google.ru